**Изденүүчү З.К.Самудинованын «Башталгыч класстардын окуучуларынын кыргызча кебин дидактикалык оюндар аркылуу өстүрүү» (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин мисалында) деген темадагы кандидаттык диссертациялык иши боюнча И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.23.673 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын**

**БҮТҮМҮ**

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү**: педагогика илимдеринин доктору, профессор Ж.А.Чыманов.

Изденүүчү З.К.Самудиновна «Башталгыч класстардын окуучуларынын кыргызча кебин дидактикалык оюндар аркылуу өстүрүү» (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин мисалында) деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин карап чыгып, диссертация тууралуу төмөнкүлөрдү ырастайт.

**Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Изденүүчү З.К.Самудинова «Башталгыч класстардын окуучуларынын кыргызча кебин дидактикалык оюндар аркылуу өстүрүү» (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин мисалында) деген темадагы кандидаттык диссертациясы диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иште 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү кыргыз тили сабагында оюн элементтерин пайдалануу менен окуучулардын кыргызча кебин калыптандыруу жаатында теориялык жана практикалык изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

**Диссертациялык иштин максаты.**

Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин башталгыч класстарынын окуучуларынын кыргызча кебин калыптандыруунун лингводидактикалык негиздери боюнча изилдөөнүн методикасын илимий-теориялык аспектиде иштеп чыгуу жана аны эксперимент жолу менен текшерүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Оюн элементтери аркылуу кептин тил илиминде изилденишин окутуп, үйрөтүү, жалпылаштыруу жана системалаштыруу.
2. Кеп ишмердүүлүгүнүн оозеки түрлөрү боюнча кыргыз тилдүү эмес окуучуларды окутуунун ыңгайлуу усулдарынын пайдалануу менен кептик кырдаалды, диалог ыкмасын дидактикалык оюн элементтеринин жардамы менен окутуунун моделдерин иштеп чыгуу жана эксперименталдык түрдө сыноо.
3. Оюн элементтеринин жардамы менен башталгыч класстын окуучуларынын кыргызча сүйлөө кебине үйрөтүүнүн, калыптандыруунун, өстүрүүнүн педагогикалык шарттарын аныктоо.
4. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин оюн элементтеринин негизинде окутууда башталгыч класстардын окуучуларынын кыргызча кебин өстүрүүгө өбөлгө болуучу дидактикалык оюн элементтеринин формаларын, каражаттарын жана ык - жолдорун иштеп чыгуу.
5. Сунуш кылынган методикалык ыкмалардын жана жолдордун эффективдүүлүгүн аныктоо үчүн педагогикалык эксперимент жүргүзүү жана анын жыйынтыгын чагылдыруу.

**Диссертациянын изилдөө объектиси.**

Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин башталгыч класстарында окуган окуучулардын кыргызча кебин дидактикалык оюндар аркылуу өстүрүү боюнча шарттарды түзүү процесси.

**Изилдөөнүн методдору:**

Теориялык-методологиялык талдоо; байкоо, анкетирлөө, тест, аңгемелешүү, тажрыйбаларды үйрөнүү, анализ жана синтез, педагогикалык эксперимент.

**Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу.**

Жалпы эле билим берүү, анын ичинде кыргыз тили боюнча башталгыч класстардын окуучуларынын кыргызча кебин, сүйлөө маданиятын өстүрүү иш-аракеттерин компетенттүүлүктөргө негиздеп, жаңы технологиялар менен окутуу маселесине артыкчылыктуу маани бериле баштады. Таалим-тарбия берүүнү, улуттук баалуулуктарды тил үйрөтүү менен кошо, окуучуладын сүйлөө кебин эриш-аркак жүргүзүү толугу менен кыргыз педагогикасынын бай мурастарына, оюн элементтерине байланыштырып окутууну ийгиликтүү ишке ашыра тургандыгы белгилүү. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин башталгыч класстарынын окуучуларынын кыргызча кебин өстүрүү сөзсүз түрдө сүйлөшүү, баарлашуу аркылуу ишке ашат. Улуттук программа кыргыз тилин үйрөнүү чөйрөсүнө конкреттүү түрдө кыргыз тилин

эне тил катары, кыргыз тилин экинчи тил катары, кыргыз тилин чет тил катары окутууну, жана ага карата окуу - усулдук комплекстерди даярдоо, басып чыгаруу жөнүндөгү милдеттерди койгон. Мына ушул өңүттөн алганда, аталган программаны ишке ашырууда З.К.Самудиновнанын «Башталгыч класстардын окуучуларынын кыргызча кебин дидактикалык оюндар аркылуу өстүрүү» (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин мисалында) аталышындагы диссертациялык ишинин темасынын актуалдуулугун айкындайт.

Кыргыз тилин окутууда тил үйрөнүүчүнүн б.а. окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин башталгыч класстарынын окуучуларынын кыргызча кебин жөнгө салуунун лингвистикалык негиздерин иштеп чыгууга арналгандыгы менен актуалдуулукка ээ. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин өздөштүрүү деңгээлине таасир этүүчү лингводидактикалык факторлордун жыйындысын эске алууга мүмкүндүк берет жана башталгыч класстын окуучуларына кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун методикасын, моделдерин иштеп чыгуунун зарылдыгынан улам келип чыгат. Орус мектептеринин кыргыз тили сабактарында окуучулардын кыргызча кебин өркүндөтүп өстүрүүгө суроо талаптын жогорулагандыгы жана аларды күнүмдүк практикада колдонууда дидактикалык оюн элементтеринин материалдарынын, түрлөрүнүн жетишсиздиги менен шартталат.

Жогорудагыдай карама-каршылыктар жана аларды чечүүнүн зарылдыгы, башталгыч класстардын окуучуларынын кыргызча кебин калыптандыруу, тил үйрөтүүгө коюлган заманбап талаптар теманын **проблемасын** аныктап, тема **«Башталгыч класстардын окуучуларынын кыргызча кебин дидактикалык оюндар аркылуу өстүрүү» (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин мисалында)** деп аталган.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу.**

Оюн элементтери аркылуу кептин лингвистикада изилденилиши, терең талданып, жалпылаштырылгандыгы, аларды окутуп, үйрөтүүгө карата материалдардын иргелип алынгандыгы, кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда башталгыч класстардын окуучуларынын кебин өркүндөтүүнүн лингводидактикалык негиздеринин иштелип чыккандыгы, экинчи тилди окутууга коюлуп жаткан азыркы талаптарды ишке ашыруунун педагогикалык шарттарынын иштелип чыгышы менен түшүндүрүлөт. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда окуучулардын кыргызча кебин калыптандыруу, өнүктүрүү, азыркы абалы жана келечектүү багыттарынын аныкталышы иштин теориялык баалуулугунун негизи болуп саналат. Ошондой эле кыргыз тилин

экинчи тил катары окутууда окуучулардын кыргызча кебин компеттенттүүлүккө негиздөө принциптеринин көрсөтүлүшү бул багыттагы теориялык изилдөөлөрдү толуктоого салым кошот.

Кыргыз тилин орус мектептеринде окутууда окуучулардын кыргызча кебин калыптандырууну оюн элементтери менен ишке ашыруунун негизинде окутуунун методикасынын иштелип чыгышы да теориялык баалуулук катары каралууга тийиш. Кыргыз тилин эне тили, экинчи тил катары окутууда, жалпы эле башталгыч класстардын окуучуларынын кыргызча кебин калыптандыруу боюнча илимдеги жалпы теориялык маселелер кыргыз, орус ж.б. окумуштуулардын эмгектерине кайрылуу менен изилдениши, жалпылаштырылгандыгы иштин теориялык барк-баасын айгинелейт.

**Диссертацияда чыгарылган ар бири илимий жыйынтыктын (жобонун) жана изденүүчүнүн корутундусунун жаңылыгынын деңгээли.**

**1-жыйынтык** жарым жартылай жаңы, себеби башталгыч класстардын окуучуларынын кыргызча кебин калыптандыруу процессинде алардын кептик компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн мааниси, максаты, азыркы абалы иликтенген;

**2-жыйынтык** жаңы, себеби орто мектептердин башталгыч класстарынын окуучуларынын кептик компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга багыттап үйрөтүүнүн методикалык негиздери иштелген;

**3-жыйынтык** жарым жартылай жаңы, себеби мектеп окуучуларынын кебин лингводидактикалык жактан компетенттүүлүктөргө негиздеп калыптандыруунун методикасы боюнча методисттердин изилдөөлөрү жана мугалимдердин иш тажрыйбалары иликтенген.

**4-жыйынтык** жаңы, себеби, башталгыч класстардын окуучуларынын кыргызча кебин оюн элементтеринин жардамы менен өстүрүүдө ар түрдүү кырдаалдарда сүйлөшүү, маектешүү процессинде окуучулардын маалымат алуучулук, тилдик кептик компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүдө мугалимдерге зарыл болуучу педагогикалык-дидактикалык, психологиялык, эстетикалык, тилдик методологиялык негиздери иликтенген.

**5-жыйынтык** жаңы, себеби башталгыч класстардын окуучуларынын кыргызча кебин калыптандыруу процессинде окуучулардын кептик компетенттүүлүктөрүн калыптандырууну мындан ары өркүндөтүү боюнча сунуштар берилген.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык баалуулугу.**

Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар, конкреттүү сунуштар кыргыз тилин орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин башталгыч класстарынын окуучуларына оюн элементтеринин жардамы менен окутуунун жаңы концепциясын иштеп чыгууга, окуу программалары менен окуу китептеринин

жаны муунун түзүүгө жана коммуникацияга багыттап окутууга карата конкреттүү материалдарды, практикалык сунуштарды бере алгандыгы менен аныкталат.

Иштелип чыккан илимий - методикалык материалдарда мектеп мугалимдерине окуучуларды окутууда колдонуунун дидактикалык шарттары көрсөтүлгөн. Бул билимди текшерүү, татаал процесстерди моделдөө. эксперименттерди жүргүзүүнү камсыздайт жана кийинки изилдөөчүлөргө база болуп берет.

Башталгыч класстардын окуучуларынын кыргызча кебин өстүрүүдө алардын кептик компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүү боюнча сунуштар мугалимдердин сабагын жаңылоого жардам берет жана методисттерге окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду жакшыртууда, окутуучуларга жогорку жана орто окуу жайларында курстук, дипломдук, магистрдик иш жаздырууда багыт көрсөтөт.

**Диссертациясынын материалдары төмөндөгү документтерде, материалдарда жана иштелмелерде колдонулган:**

- УАК талап кылган илимий-педагогикалык басылмаларда чагылдырылган;
- Илимий-практикалык конференцияларда баяндамалар жасалган;
- Сабактар, тренингдер өткөрүлгөн;
- Педагогикалык эксперименттерде текшерилген.

**Самудинова Зарипа Кумарбаевнанын диссертациясынын материалдарын ишке ашыруунун жыйынтыктары боюнча төмөнкүдөй оң натыйжалар алынган:**

**Биринчи натыйжа:** Башталгыч класстардын окуучуларынын кыргызча кебин оюн элементтеринин жардамы менен өстүрүүдө алардын тилдик компетентүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн максаты, милдеттери, негизги багыттары аныкталган;

**Экинчи натыйжа:** «Кеп», «тилдик компетенттүүлүк» түшүнүктөрүнө теориялык аспектиден анализ жүргүзүлгөн, башталгыч класстардын окуучуларынын кыргызча кебин лингводидактикалык негизде калыптандырууда окуучулардын тилдик, кептик компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методикасы, методологиялык негиздери, методдору көрсөтүлгөн;

**Үчүнчү натыйжа:** Башталгыч класстардын окуучуларынын кыргызча кебин оюн элементтеринин жардамы менен тилдик компетенттүүлүккө негиздеп окутууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн оптималдуу ыкмалары жана жолдору сунуш кылынган, бул багыттар боюнча мугалимдердин, методисттердин педагогикалык иш-тажрыйбалары жыйынтыкталган;

**Төртүнчү натыйжа:** Сунуш кылынган методикалык ыкмалардын жана жолдордун эффективдүүлүгүн аныктоо үчүн педагогикалык эксперимент жүргүзүлгөн жана анын жыйынтыгы чагылдырылган.

**Изилдөөнүн негизги мазмуну төмөндөгү эмгектерде чагылдырылган:**


1.Самудинова З.К. Кыргыз тилиндеги таандык маанини орус мектептеринде окутууда дидактикалык оюндардын ролу //КМУУ жарчысы, филология илимдери. – 1998 – 2-чыгарылышы, 1- бөлүм.– 145-150-б.
2. Самудинова З.К. Обучение киргизскому языку с помощью дидактических игр школьников I - IY классов русской школы // КМУУ жарчысы, филология илимдери.– 1998.– 2-чыгарылышы, 3- бөлүм– 154-162-б.
3. Самудинова З.К. Орус топторунда кыргыз тилин сахналаштыруу аркылуу окутуу //КМУУ жарчысы, филология илимдери. – 1999.– 2-чыгарылышы, 1- бөлүм – 147-154-бб.
4. Самудинова З.К. Дидактикалык оюндар аркылуу окуучулардын кыргызча кебин өстүрүүнүн ыкмалары //КМУУ жарчысы, филология илимдери. – 2002–ж, 3-4 -чыгарылышы, 1- бөлүм – 273- 278-бб.
5. Самудинова З.К. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин башталгыч класстарында кыргызча кебин фонетикалык оюндар аркылуу өстүрүү//КББА кабарлары, 2013 – №2 (26) – 43-47-бб. ISSN:1694-8106.
6. Самудинова З.К.Башталгыч мектептеги окуу процессинде окуучуларпдын оюн түрүндөгү иш-араекттерин уюштуруунун психологиялык-педагогикалык мүнөздөмөсү// КББА кабарлары, 2014 – №3 (31) – 126-130-бб.
7. Самудинова З.К. Понятие игра и ее значение в психологии и в педагогике» // Вестник КРСУ, 2016 – №8, том 16. – С.194 -198. . ISSN:1694-500X
8. Самудинова З.К. Обучение кыргызскому языку как неродному при помощи дидиактических игр //Проблемы современной науки и образования, 2016 – №10(52) – С.149-153. ISSN:2304-2338
9. Самудинова З.К. Психолого-педагогические особенности игровой деятельности в младшем школьном возрасте //Проблемы современной науки и образования, 2016 – №10(52) – С.147 -151. ISSN:2304-2338.
10. Самудинова З.К. Наш кыргызский Есенин // Русский язык и литература в школах Кыргызстана – 2022– №2 – 26 -41с.
11. Самудинова З.К. Самудинова З.К. Сахналаштыруу аркылуу окутуу.Чыңгыз Айтматовдун “Маңкурт жөнүндө баяны боюнча / ALATOO ACADEMIC STUDIES/ – 2023.№3. – 129-136-б.
12.Самудинова З.К. Тексттерди дидактикалык оюндар аркылуу өздөштүрүү (окутуу орус тилинде жүргүзулгөн мектептерде) // ALATOO ACADEMIC STUDIES – 2023. ISSN: 1694 – 5263.
13.Самудинова З.К. Дидактикалык оюндар аркылуу таандык категорияны өздөштүрүү. (Окутуу орус тилинде жургузулгөн мектептердин башталгыч класстарынын окуучулары үчүн) // ALATOO ACADEMIC STUDIES – 2023. ISSN: 1694 – 5263.

**Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**
Автореферат негизинен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет.

**Айрым мүчүлүштүктөр:**

1. Изилдөө ишинин айрым главаларында цитаталар так берилбей калган. Тактоо керек (10-11-бет). Кээ бир сүйлөмдөр бүтпөй калган. Андан ары чечмеленген эмес. Берейин деген ой ачылбай калган. Толуктоо зарыл.

2. Диссертациялык иште темага тиешеси жок сүрөттөр үч бетке жайгаштырылгын. Бул сүрөттөр жөн эле иштин көлөмүн көбөйтүш үчүн кызмат кылгандай (61-64-бб). Экинчи бапта окуучулардын оюн элементтерин пайдалануу менен кыргызча кебин калыптандырууда компетенттүүлүккө негиздеп окутуу боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору дагы кененирээк ар кандай ыктар жана жолдор менен толуктоого муктаж.

3. Диссертацияда орфографиялык жана пунктуациялык каталар кеткен.

Айтылган сунуштар, сын-пикирлер иштин жалпы аткарылыш деңгээлине, мазмунуна доо кетирбейт. Алар изилдөө ишинин сапаттык жактан көтөрүлүшүнө карата айтылды. Башталгыч кластардын окуучуларынын кыргызча кебин өстүрүүдө алардын кептик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун методикасы багытында ыраатуу жана учур талабына ылайык иштелип чыккан салмактуу эмгек болуп саналат.

***Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү.***

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы жетектөөчү мекеме катары А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин башталгыч, мектепке чейинки билим берүүнүн теориясы жана усулу кафедрасын сунуштайт. Аталган кафедрада сунушталган илимдин тармагы боюнча илимдин докторлору, кандидаттары ж.б. адистер эмгектенет.

**Эксперттик комиссия расмий оппоненттер катары төмөнкү адистерди сунуш кылат.**

**Биринчи расмий оппонент** катары кыргыз тилин окутуунун теориясы менен практикасы боюнча адис педагогика илимдеринин доктору, доцент М.М.Сыдыкбаеваны сунуш кылат (13.00.02). Анын эмгектери:
1.Эки баскычтуу билим берүүнүн шартында мамлекеттик тилди окутуу теориясында жана методикасында инновациялап окутуу принциптери. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жарчысы, 2017, май.,-304-306-бб.

2. Языковая компетенция как совокупность знаний и способностей // LXIII Международной научно-практической конференции №4 (61) «Личность, семья и общество: вопросы педагогики и психологии» (Россия, г. Новосибирск, Сибак, 11 апреля 2016 г.- 65-72-бб., Секция: Педагогика высшей профессиональной школы)

3. Совершенствование языковых знаний студентов на основе информационной и культурологической компетентности в условиях двухступенчатого образования // Проблемы педагогики № 4 (15), Научно-методический журнал. Москва, 2016.-28-31-бб.

4. Кесипке даярдоодо кесиптик лексиканын ролу /Современные проблемы социально-гуманитарных наук, Научно-теоретический журнал 2016 № 2 (4) Казань, 34-36-бб.

5. Интерактивные методы формирования языковой компетентности / М. М. Сыдыкбаева // Научная дискуссия: вопросы педагогики и психологии: сб. ст. по материалам XLIX Международной научно-практической конференции «Научная дискуссия: вопросы педагогики и психологии». – № 4(49). Часть 1. – М., Изд. «Интернаука», 2016. – 158-166- бб.

6. Тилдеги коммуникативдүү компетенция - инсандын эркин, кеңири, ийгиликтүү пикир алышуу жөндөмдүүлүгү. Научно-теоретический журнал 2016 № 2 (5) Казань, 24-27-бб.

7. Разбор поучительных выражений как средство закрепления компетентности // Известия Российского государственного педагогического универститета им. А.И. Герцена. 2016.№ 179. стр145-151.

8. Дидактические основы обучения кыргызскому языку пакистанских студентов при сопоставлении с языком урду./ Наука и инновационные технологии, (научный и информационный журнал), 2020, №2 , (15)

9. Современный этап развития методики преподавания языка./ № 4(9). Июнь-июль 2020 серия «педагогические науки» журнал основан в 2018 г.international scientific journal «global science and innovations 2020: central asia» nur-sultan, kazakhstan, june-july 2020

10. Proverbs with figurative meaning serve educational purposes for young generation./ intf, RNATTONAL CONFERENCE ON PO'IIE& (N) eqlality NN D CULTURES OI RESISTANCE: an INTERDISCIPLINARY appitoaciirsto HL\tanititrsandsocialscinnces аша 29th January 2021

11. Формирования языковых компетенций студентов при обучении кыргызскому языку как второму в высших учебных заведениях в Кыргызстане, «Бюллетень науки и практики» №3 (март), 2023 г.

**Экинчи расмий оппонент** катары кыргыз тилин окутуунун теориясы менен практикасы боюнча адис педагогика илимдеринин кандидаты, К.Б.Маматованы сунуш кылат (13.00.02). Анын эмгектери:

1. Кыргыз тилин англис тили менен салыштырып окутууда аткарылуучу көнүгүү иштери [Текст] /К.Б.Маматова// Юнусалиевские чтения – 2015. Материалы международной научно-практической конференции. - 24- 25-декабря, Бишкек, - 2015. – С.428-433.
2. Көп тилде билим берүү шартында кыргыз тилин англис тили менен салыштырып окутууда текст менен иштөөнүн жолдору [Текст] /К.Б.Маматова// Вестник БГУ им.К.Карасаева. Кыргызский язык и литература. – Бишкек, - 2015. - №27 – С.120-123.
3. Сопоставительный анализ грамматической категории залога в английском, кыргызском и русском языках [Текст] /К.Б.Маматова// Наука и современность. - Новосибирск, Россия, – 2016. - №42 – С. 32-36. https://elibrary.ru/item.asp?id=25401335
4. Учет родного языка в процессе обучения иностранного языка в условиях многоязычного образования [Текст] /К.Б.Маматова// Вестник Кыргызстана. - 2016. - №1. – С. 84-86. https://elibrary.ru/item.asp?id=35153943
5. Семантический анализ фразеологических единиц в сопоставительном обучении кыргызскому и английскому языкам [Текст] /К.Б.Маматова// Сб. науч. трудов по материалам международной научнопрактической конференций. - Тамбов, Россия, – 2016. - № 2-3 (6). - С.64-67. https://elibrary.ru/item.asp?id=25682373
6. Көп тилде билим берүү шартында кыргыз тили м-н англис тилин салыштырып окутууда котормонун кээ бир ыкмалары [Текст] /К.Б.Маматова // Вестник БГУ им. К.Карасаева. –Бишкек, - 2016. - №1(35). - С.176-178.
7. Көп тилде билим берүү шартында кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун абалы жана аны өркүндөтүүнүн багыттары [Текст] /К.Б.Маматова// Вестник БГУ им. К.Карасаева. – Бишкек, - 2016. - №1 (35). – С.170-173. 21
8. Көп тилде билим берүү шартында кыргыз жана англис тилдериндеги татаал атоочтук баяндоочтун салыштырма типологиясы [Текст] /К.Б.Маматова // Вестник КГУСТА им. Н.Исанова. – Бишкек, - 2016. - № 4 (54). – С. 210-213. https://elibrary.ru/item.asp?id=29458462
9. Кыргыз тили менен англис тилин салыштырып окутууда туугандык жакындыкты билдирүүчү сөздөрдү которуунун ыкмалары [Текст] /К.Б.Маматова// Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. Специальный выпуск. – Бишкек, - 2017. – С. 218-220 .
10. Көп тилде билим берүү шартында кыргыз тили менен англис тилиндеги чак категориясын салыштырып окутуу [Текст] /К.Б.Маматова // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. Специальный выпуск. – Бишкек, - 2017. – С. 60-62.

11. Кыргызстандагы көп тилдүү билим берүүнүн тарыхынан кыскача маалымат [Текст] /К.Б.Маматова// Вестник Кыргызстана. – Бишкек, - 2017. - №2. – С. 51-54. https://elibrary.ru/item.asp?id=35168378
12. Сопоставительное изучение английских, русских и кыргызских фразеологизмов и пословиц в условиях многоязычного образования [Текст] /К.Б.Маматова// Актуальные вопросы образования и науки. - Архангельск, Россия, - 2018. - №1(63). – С. 96-100. https://elibrary.ru/item.asp?id=32619133
13. Көп тилде билим берүүнүн жалпы дидактикалык принциптери [Текст] /К.Б.Маматова// Вестник КГУСТА им. Н.Исанова. – Бишкек, - 2018. №1 (59). – С. 72-77. https://elibrary.ru/item.asp?id=35207249

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы, сунуш кылынган документтерди карап чыгып, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине жана Ж.Баласагын атындагы улуттук университетине караштуу Д. 13.23.673 диссертациялык кеңешине 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн изденүүчү Самудинова Зарипа Кумарбаевнанын «Башталгыч класстардын окуучуларынын кыргызча кебин дидактикалык оюндар аркылуу өстүрүү» (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин мисалында) деген темадагы диссертациясын кабыл алууну сунуш кылат.

Эксперттик комиссиянын мүчөсү,
педагогика илимдеринин доктору, профессор Чыманов Ж.А.

Дата поступления заключения в ДС Д13.23.673
22.01.2024г

КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ